УДК:159.9.07
**DOI:10.58494/esai.24(9).2024.36**

*Турдубаева Мастура, Б.Осмонов ат. ЖАМУ ТИПФ,
улук окутуучусу, mturdubaeva63@gmail.com*

*Турдубаева Мастура, ЖАГУ ТИПФ им.Б.Осмонова,
ст. преподаватель, mturdubaeva63@gmail.com*

*Turdubayeva Mastura, B.Osmonov GASU TIPF,
senior lecturer, mturdubaeva63@gmail.com*

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛАНЫН ПСИХИКАСЫНА ТААСИР ЭТҮҮЧҮ НЕГИЗГИ СЕБЕПТЕР

***Аннотация.*** *макалада психология илими жана мектепке чейинки курактагы балдардын психологиясына таасир этүүчү негизги себептер тууралуу баяндалган. Ошондой эле белгилүү психолог-педагогдор Л.С.Выготский менен С.Л.Рубинштейндин эмгектерине талдоо жүргүзүлдү. Өзгөчө балдардын психологиясынын өнүгүшү кандай шарттардан, анын ичинде биологиялык, социалдык жана гендик факторлордон көз-карандылыгы талдоого алынды. Макалада балдардын психикалык өнүгүүсүнө таасир этүүсү факторлорго да талдоо жүргүзүлгөн.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *психология, мектепке чейинки курак, өнүгүү өзгөчөлүгү, социалдык жана биологиялык факторлор, гендик сапаттар.*

## ОСНОВНЫЕ ПРИЧИНЫ ВЛИЯЮЩИЕ НА РАЗВИТИЕ ПСИХИКИ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

***Аннотация.*** *В рассматриваются вопросы психологии как наука и основные причины воздействия на психологию детей дошкольного возраста. А также анализированы работы известных психолог-педагогов таких как Л.С.Выготского и С.Л.Рубинштейна. В статье конкретно на примерах рассмотрены условия и факторы такие как биологические, социальные и генные влияющие на развитие психологии ребенка.*

***Ключевые слова:*** *психология, дошкольный возраст, особенности развития, социальные и биологические факторы, генные качества.*

## THE MAIN CAUSES AFFECTING THE DEVELOPMENT OF THE PSYCHE OF PRESCHOOL CHILDREN

***Annotation.*** *The article examines the issues of psychology as a science and the main causes of the impact on the psychology of preschool children. It also analyzes the work of famous educational psychologists such as L.S.Vygotsky and S.L.Rubinstein. The article specifically examines the conditions and factors such as biological, social and genetic factors that affect the development of a child's psychology.*

***Key words:*** *psychology, preschool age, developmental features, social and biological factors, genetic qualities.*

### Киришүү

"Психология" деген термин 16-кылымда немец жана француз тексттеринде пайда болгон. Бул сөздү байыркы грекчеден которгондо "психе"- "жан", "логос"- "илим" дегенди түшүндүрөт. Азыркы күндө психология түптүү тамыр алган илимдердин бири экенин таануу мүмкүн эмес. Анын кылган кызматы коомдо чоң мааниге ээ.Теориялык жагынан алганда илимде, практикалык жагынан алганда күнүмдүк турмушубузда психологиянын ойногон ролу чоң [1]. Балдар психологиясы жалпы психология менен байланыштуу. Анткени

адамдын психикасы жөнүндө түшүнүк, психикалык процесстер, инсандык касиеттер жана жекече типологиялык өзгөчөлүктөр жалпы психологияда илимий түрдө берилген. Мисалы, кабыл алуунун предметтүүлүгүн, анын маанисин, жалпы механизмин түшүнгөндө гана аны жаш өзгөчөлүккө байланыштуу ачып берүүгө болот.

Ошондуктан баланын өнүгүүсүн, айрыкча анын айлан-чөйрөнү таанып-билүүсүн изилдөө балдар психологиясы жалпы психологиянын теориялык негизине таянат.

Баланын инсандык сапаттарын, өнүгүү өзгөчөлүгүн түшүнө билип мамиле жасоодо тарбиячы жана ата-эне, балдар психологиясынын илимий негиздерин өздөштүрүп түшүнө билүүсү зарыл.

Балдар психологиясы анатомиясы жана физиологиясы менен да байланыштуу. Айрыкча, баланын нерв системасынын жана жогорку нерв ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүн үйрөнүүдө анатомиянын жана физиологиянын жетишкендиктерин түшүнө билүү маанилүү [2].

Балдар психологиясында баланын психологиясынын өнүгүүсү детерминизм принцибинин негизинде түшүндүрүлөт. Мунун натыйжасында психикалык процесстердин өнүгүү деңгээли, анын себептери чечмеленет. Баланын өнүгүүсүн камсыз кылган ар кандай шартты, факторлорду өз ара байланыштуу карап, анализдөө диалектикалык мамилени талап кылат.

Баланын психикасынын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгүн психологдор Л.С.Выготский, С.Л.Рубинштейн детерминизм принцибинин негизинде изилдешкен. Балдар психологиясында өнүгүү принциби негизги принцип катары белгиленип, психикалык филогенетикалык жана отногенетикалык өнүгүүсүн түшүндүрүүдө өзгөчө маанилүү.

Психология илиминде теориялык жана методологиялык жактан өнүгүү принциби Л.С.Выготскийдин эмгектеринде чагылдырылган [3].

Психиканын өнүгүүсү көптөгөн шарттарга байланыштуу. Ошондуктан балдар психологиясынын эң негизги милдеттеринин бири катары психиканын өнүгүүсүн, шартын аныктоо болуп саналат. Илимде өнүгүүнү аныктоочу өбөлгө катары баланын организминин табигый касети (мээнин түзүлүшү жана анын иштеши) жана адамдар коому белгиленген.

Организмдин функциясы жана түзүлүшү атадан балага өтүп сакталат. Жаны төрөлгөн баладагы адамдын нерв системасы, мээси татаал психикалык иш-аракеттин органы катары кызмат кылууга жөндөмдүү. Бирок мындай биологиялык фактор өзгөрбөйт деп айтууга мүмкүн эмес.

Кичинекей ымыркайдын жарык дүйнөгө келиши, эн алгач эненин кам көрүүсү, мээрими, азыктандыруусу жана анын жашоосунун негизги шарты болуп саналат. Ымыркайдын коомдун мүчөсү катары өсүп жетилүү процессинде анын психикасы өнүгүп татаалдашып обьективдүү чындыкты чагылдыруусу өркүндөйт.

Психолог Л.С.Выготский баланын психикасынын өнүгүүсүндө биологиялык жана социалдык шарттын алгылыктуулугун же байланышын изилдеген. Ал адамдын жогорку психикалык функциясынын пайда болушунун коомдук-тарыхый теориясын түзгөн.

Л.С.Выготский баланын психикасынын өнүгүүсүндө социалдык жана биологиялык фактордун байланыш тезисин иштеп чыккан [1]. Л.С.Выготскийдин көз карашына ылайык адамдын тарыхый өнүгүүсүндө өзүнүн жүрүм-турумунун жаңы кыймылдаткыч күчтөрүн, жаратуу деңгээлине ылайыктуу которулган. Адамдын жаны керектөөлөрү коомдо жашоода гана пайда болуу менен өнүгө алды, ал эми табигый керектөөлөрү тарыхый өнүгүүнүн негизинде терең өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Л.С.Выготский биринчи болуп, балдар психологиясына тарыхый принципти киргизген. Тарыхый изилдөө дегенибиз – бул кыймылдын, өзгөрүүсүн изилдөө болуп эсептелет. Ар бир маданий өнүгүүнүн формасы, маданий жүрүм-турумдун формасы – бул адамзаттын тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү.

Л.С.Выготскийдин көз карашы боюнча, жогорку психикалык функциялардын өнүгүүсүндө чөйрө өнүгүүнүн булагы катары эсептелет, психикалык функциялар алгач

балада коллективдүү жүрүм-турумдун формасы катары, башка адамдар менен кызматташтык формасы катары пайда болуп, бара-бара баланын өзүнүн жекече кызматы болуп калат. Мисалы, баарлашууда адегенде адамдар арасында мамилелешүү, сүйлөшүүнүн каражаты, бирок өнүгүүнүн жүрүшүндө ал ички интеллектуалдык функцияны аткара баштайт [2].

Баланын психикасынын өнүгүүсүндө биологиялык фактор тубаса берилүү менен гана аныкталбайт. Бала төрөлгөндө тубаса жана жекече касиеттер даяр түрдө берилет. Мындай өзгөчөлүктөр баланын түйүлдүк мезгилинде сырткы чөйрөнүн эмнеге таасир этишинин натыйжасында пайда болот. Бул пайда болгон сапаттар баланын жашоо турмушунда белгилүү деңгээлде тарбиянын таасири астында өзгөрүп, калыптанат [2].

Гендик таасир берүү дагы баланын психикасына түздөн-түз таасир берүүчү себептердин бири болуп саналат. "дал атасына окшоп узун бойлуу" же " туура эле апасына окшош жайдары" –деген сыяктуу белгилер адамдагы гендик сапаттар болуп саналат. Бала эненин курсагына түшкөндө күндөн баштап кээ бир өзгөчөлүктөрдү атадан, кээ бирлерин энеден алып, жеке адам болуу үчүн алдыга карай өнүгүүсүн улантат.

Эне менен атадан алынган бул өзгөчөлүктөр бир гана физикалык өзгөчөлүктөр эмес, ошол эле убакта баланын өмүр бою өзү менен кошо жүрө турган "руханий мүнөзүнүн" да негизи болуп саналат. Гендик сапаттардан сырткары, баланын эне курсагындагы алгачкы мезгилинен баштап калыптана баштаган "психологиялык мүнөзү" бар.

Психологиялык мүнөз эненин кубанычы, каары жана кайгыларына түздөн-түз байланыштуу болуп, "гендик сапаттын" үстүнөн жаралган экинчи мүнөз болуп саналат.

Эненин курсагындагы тогуз ай жашаган бала эненин башынан өткөргөн ар бир кайгысын, кубанычын жана эмоционалдык өзгөрүүлөрү менен чогуу жашап, өмүр бою өзү менне кошо ала жүргөн мүнөздөргө ээ болот. Баланын гендик өнүгүүсүндө эне менен ата толук бирдей таасирдүүлүккө ээ болбосо да, психологиялык жактан калыптанышында эне түздөн-түз таасир берет [4].

Баланын психикасына таасир берүүчү дагы бир себептердин бири бул – оюн болуп саналат. Философтор. Тарыхчылар, этнографтар, психологдор жана педагогдордун изилдөөлөрүнө караганда оюн баланын ар тараптуу өнүгүшүнө сөзсүз таасир этет. Бул жаатта педагогикагат өзүнүн чоң салымын кошкон окумуштуулардын бири Н.К.Крупская минтип жазган: "Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн оюн артыкча мааниге ээ: оюн алар үчүн – окуу, оюн – алар үчүн – жумуш, оюн – алар үчүн тарбиянын олуттуу формасы жана айлана чөйрөнү таануу үчүн чон мүмкүнчүлүк болуп саналат" [5].

Ар бир адам үчүн ата-энени жоготуу кайгылуу жана жашоосунда орчундуу из калтырган окуя болгондой эле ата-эненин бирөөсүн же экөөсүн жоготуусу өзгөчө баланын психологиялык жактан жабыркашына таасир берүүчү маанилүү фактор болуп саналат.

Бул окуя бала үчүн чон өзгөрүү болуп эсептелет. Өзгөчө мектепке чейинки курактагы балдарда өлүм түшүнүгү толугу менен жок болгондуктан, ата-энесинин аны таштап кеткенин ойлошу да мүмкүн. Кээ бир балдар ата-энесинин бирөөсүн же экөөсүн тең жоготкондо өзүн күнөкөө катары көрүп калат жана психологиялык жактан баш аламандык жашайт. Ата-энеси тарабынан катуу жазаланып турган балдар кээде ата-энесинен узак жашоону да каалашы мүмкүн, мындай балдар ата-энесин жоготкондо, каалоолору орундалгандай өзүн эң чоң күнөкөөр катары сезет. Демек, ата-энесин жоготкон балдарга жардам көрсөтүлүп, аны кайгыга чөгүп кетүүдөн сактоо анын келечеги үчүн көрсөтүлгөн эң чоң камкордук болуп эсептелет [6].

Азыркы учурда эн көйгөйлүү маселе болгон, бул – жубайлардын өз ара мамилелери келишпей ажырашуусу. Бир эле кыргызстанда эмес азыркы учурда бул көйгөй дүйнө жүзүндөгү чоң коркунучка айланды. Ажырашууда адамдык жеңил сезимдерге алданып ажырашкан жуьайлардан көп эң чоң зыян тартакан ортодогу балдар болот. Ата-эненин ажырашуусу бала үчүн чоң ьрагедия болуп эсептелет [7]. Анын психологиялык жактан өнүгүп жана өсүшүнө да сөзсүз түрдө терс таасирин тийгизбей койбойт. Ошондой эле бул абал келечекте да жашай турган ар түрдүү терс окуяларга түздөн түз себеп болушу мүмкүн.

Баланы узак мөөнөткө башка бирөөлөргө таштап кетүү да баланын психологиясына сөзсүз түрдө таасир этет. Социалдык жетимдер деген атка конгон бул балдар чондорго билинбегендей болгону менен бул абал баланын аң сезимине терс таасирин тийгизүүчү себеп болуп саналат.

**Корутунду**

Демек, жогорудагы себептерди жыйынтыктап айтканда баланын ар тараптан өнүгүүсүнө, психологиялык жактан толук калыптанып жетилүүсүнө, физиологиялык жактан дени сак өсүүсүнө, коомго, мекенге, элге, жерге кызмат кылган чыныгы инсандын калыптануусунда ар бир себептердин таасири өтө маанилүү. Биз ата-энелер, тарбиячы, окутуучу, педагогдор келечек муундар үчүн ар дайым кам көрүүнү унутпасак жана аларды сүйүп тарбияласак жакшы болоор эле.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Жуманиева Ж., Асаналиева Б.У. Балдар психологиясы. Бишкек. 2014.
2. Жумалиева Ж. Жаш курак психологиясы. Бишкек. 1999.
3. Жумалиева Ж.М., Кожогелдиева К.М. Курактык өнүгүү психологиясы. Бишкек. 2008.
4. Адем Гүнеш. Балага тарбия берүүдөгү адашуулар. Бишкек. 2013. -10-11бб.
5. Данилова Е.А. Дошкольная педагогика. Москва. 1978. -300с.
6. Гаркави Л.Х., и др.Адаптационные реакции резистентность организма.-Ростов.1997.-120 с.
7. Корнекв М.А.и др. Основы строения центральной нервной системы.- СпБ. 2002. -220 ст.
8. Хрикова А.Г., Фарбер Д.А. Возрастная физиология и школьная гигиена. -М.1990.-320 с.
9. www.leuleklergetirdi.com
10. https://ky/wikipediya/org